ФЕРМАЛАР ЖЫЛДЫН АЯКТООЧУ ЭТАБЫНДА

Райондун фермаларынын коллективдери Улуу Октябрдын 70 жылдыгынын урматына мелдешип, мал чарба продуктуларын өндүрүүнү көбөйтүү жана мамлекетке сатуу үчүн күрөштү туруктуу жүргүзүп жатышат. Өздөрүнүн күндөлүк ишинде алар илимдин жетишкендиктерине жана алдыңкы тажрыйбага таянууда. Ушундан улам малдын продуктуулугу кыйшаюсуз жогорулап жатат. Бул жөнүндө фермалардын ишинин быйылкы жылдын тогуз айындагы жыйынтыктары күбөлөндүрүп турат.

Район боюнча жалпысынан тогуз айлык тапшырмадан тышкары мамлекетке 1338 тонна мал жана канаттуулар, 3857 тонна сүт сатылды. Мамлекетке жүн сатуунун жылдык планы 68 тоннага (таза түрүндө) ашыкча аткарылды. Фермалардын иштетүүчү өнөр жай ишканаларына оор салмактагы мал келип түшүүдө. Бодо малдын ар бириңин орточо тапшыруу салмагы 421 килограммды, чочконуку 123 жана койдуку 44 килограммды түздү. Ар бир уйдан 2961 килограммдан сүт саап алынды. Бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 104 килограммга көптүк кылат.

Райондун бардык колхоздору жана совхоздору мамлекетке мал чарба продукциясын сатуу боюнча тогуз айлык пландарды ашыра аткарды. Тынчсызданууга негиз жоктой көрүнөт. Бирок бул цифралардын артында ар түрдүүлүк жашырынып жатат. Айрым чарбалар малдын продуктуулугун жогорулатуу боюнча алдыга чыгышты, башкалары бир деңгээлде токтоп турат, ал эми үчүнчүлөрү жетишилген чектен артка кайтууда.

Кыргыз машина-сыноо станциясынын малчылары айдан айга продукция өндүрүү темптерин күчөтүшүүдө. Алар райондо биринчи болуп мамлекетке эт жана сүт сатуу боюнча жылдык пландарды мөөнөтүнөн үч ай мурда орундатышты.

Алар мамлекетке 1615 баш бодо мал жана 12159 чочкону 458 жана 126 килограмм салмакта сатышты, 2242 уйдун ар биринен 4060 килограммдан сүт саап алынды, бул өткөн жылдагыдан 469 килограмма көп. Ушунун эсебинен эле 1050 тонна сүт кошумча алынды.

Райондун малчыларынын мелдешинде экинчи орун «Труд» колхозунун коллективине таандык. Ири мүйүздүү малдын ар бир башынын орточо тапшыруу салмагы 458 килограммды, чочконуку 126 жана койдуку 53 килограммды түздү. Тапшырылган малдын 90 проценттен ашыгы жогорку семиздиктеги категорияда кабыл алынды. Мындагылар ар бир уйдан 3321 килограммдан сүт саап алышты, бул өткөн жылдагыдан 123 килограммга көп.

Быйылкы жылы райондун бардык чарбалары мал багууну жана тоюттандырууну жакшырткандыгынын фактысын белгилей кетүү керек. Бул иште «Алга», Киров, Калинин атындагы колхоздор, «Искра» совхозу алдыга кадам шилтешти. Ири мүйүздүү малдын тапшырылчу орточо салмагы 416 — 426 килограммды, койдуку 39 — 45 килограммды түздү. «Ысык-Ата» совхозу эт комбинатына 7 миңге жакын кой жөнөттү, алардын ар бири 47 килограммдан тирүүлөй салмакка ээ. Мындай ийгиликке бул чарбанын кой өстүрүүчүлөрү биринчи жолу жетишишти.

«Заветы Ленина» жана Фрунзе атындагы колхоздордо ири мүйүздүү малдын орточо тапшыруу салмагы 348 килограммдан 369 килограммга чейин болду. Бул чарбалар кайра иштетүүчү өнөр жай ишканаларына жеңил салмактагы малды өткөрүүдөн көп жоготууларга учурап жаткандыгын айта кетели.

Сүт өндүрүүдө ар түрдүүлүк уланттылууда. Жогоруда айтылгандай Кыргыз МИСинде жана «Труд» колхозунда тогуз айда сүт саап алуу 4060 жана 3321 килограммды түздү жана 469 жана 123 килограммга көбөйдү. «Заветы Ленина», Калинин атындагы колхоздордо, «Искра» совхозунда тогуз айда ар бир уйдан 2625 — 2839 килограммдан сүт саалды. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда өсүш 36 килограммдан 53 килограммга чейин жетти.

Райондо сүт өндүрүүдө Киров атындагы колхозго белгилүү орун таандык. Анын саан бадасында 1948 уй бар, алардын продуктуулугу төмөн бойдон калууда. Тогуз айда сүт саап алуу 2535 килограммды түздү. Бул аз келгенсип өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 18 килограммга төмөндөөгө жол берилди. Бул көпүү же аз- [illegible] гана 330 тонна сүт жоготулду. Фрунзе атындагы колхоз сүт саап алууну 31 килограммга төмөндөттү. Мында ар бир уйдан 2237 килограммдан сүт саап алынды. Бул 365 тонна сүт продукциясын кем алууга жол берди. 160 гана саан үю болсо да Фрунзе совхоз-техникуму уйдун сүттүүлүгүн 163 килограммга төмөндөттү жана бул себептен улам 260 тонна сүттү кем алды.

Фермалардын коллективдери быйылкы жылдын жыйынтыктоочу кварталына киришти. Район боюнча жалпысынан мал чарба продукциясын өндүрүү жана мамлекетке сатуу боюнча жылдын милдеттенмелерин аткаруу үчүн бекем негиз түзүлдү. Мында темпти төмөндөтпөстөн, ылдамдаткан маанилүү.

А. КРИГЕР,
райондук информациялык-эсептөө борборунун начальниги,
У. ЕСЕНАЛИЕВ,
«Жеңиш туусу» газетасынын айыл чарба бөлүмүнүн башчысы.

МААЛЫМАТ

1987-ЖЫЛДЫН 1-ОКТЯБРЫНА КАРАТА РАЙОНДУН ЧАРБАЛАРЫНЫН МАМЛЕКЕТКЕ МАЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫН САТУУ БОЮНЧА ТОГУЗ АЙЛЫК ПЛАНЫН АТКАРУУЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ
(РИВЦтин билдирүүсү боюнча)

Чарбалардын аттары	ЭТ (ц)			СҮТ (ц)			ЖҮН (ц)		
	9 айлык планы	даярдалганы	аткаруу %	9 айлык планы	даярдалганы	аткаруу %	жылдык планы	аткарылганы	аткаруу %
КОЛХОЗДОР:									
«Алга»	2200	2315	105,2	11930	15582	130,6	108	108	100,0
Киров атындагы	7000	8002	114,3	39620	41426	104,6	155	171	110,3
«Заветы Ленина»	5950	7534	125,6	21320	23206	108,8	113	129	114,2
Фрунзе атындагы	2800	3925	140,2	19930	21543	108,1	—	—	—
«Труд»	4400	4986	113,3	24130	27939	115,8	147	166	112,9
Калинин атындагы	5750	6584	114,5	21170	26326	124,4	344	403	117,2
«1-Май»	5750	6007	104,5	23940	25619	107,0	330	380	115,2
СОВХОЗДОР:									
«Искра»	3400	4792	140,9	18860	20091	106,5	110	134	121,8
«Ысык-Ата»	3200	4050	126,6	350	602	172,0	620	694	111,9
Госспецхоз	—	1717	—	—	104	—	25	19	76,0
Кыргыз МИСи	23300	26641	114,3	61180	78373	128,1	10	7	70,0
Совхоз-техникум	650	1013	155,8	3570	3766	105,5	10	10	100,0
РАЙОН БОЮНЧА:	65000	78388	120,6	246000	284577	115,7	2588	3270	126,4